МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

1995-жылдын ноябрь айы болчу. Өзум туулуп өскөн айылдан 50 чакырым алыскы айылга жаны эле келин болуп келгенмин. Айылдагы мектепке ишке орноштум. 4-класстын эжекеси декреттик эргүүго кетип мени ишке чакырышты. Балдар менен иштөө мага аябай жакты. Убакыттын өткөнүн байкабай да каламын. Конгуроо кагылбай турса экен деп тилейм. Күндөрдүн биринде айылдан районго бардым, сабакка колдонгонго көргөзмө курал жасашым керек эле, алдым да кайра айылга жөнөдүм. Ал мезгилде сары тустөгу автобус каттачу. Автобуста келе жатабыз, эл аябай көп болгондуктан отурганга орундук жок. Бир мезгилде бир киши ордунан туруп эле, бир кишинин жакасын кармап, оозуна кирген сөз менен сөгуп кирди. Экөө мушташа кетти. Бир да жан аларды ажыратып койбойду. Көрсө алар мас кишилер экен. Автобуста кары картандар, аялдар, жаш балдар да бар эле. Мен болсо аябай жаман болдум. Мындай сөздөрдү укпай чонойгонума жаман ахыбалга туштум. Айылга да жетип келдик. Баягы урушкан кишилер урушканын унутуп кайрадан кучакташып тушуп кетишти. Бул окуя менин эсимден кетпей койду. Эртеси мектепке барып окуучуларымдын көздөрун карап булар да чонойгондо ушул кишилердей болобу деп аяп кеттим. Жоок -жоок менин окуучуларым билимдүү, маданияттүү болуп чоноюшат деп өзумду токтоттум. Мен мындай сөгунгөн сөздөрдү уккан эмес экенмин. Атам айылда врач, апам болсо мугалим болуп иштечуу. 7 бир тууганбыз. 4 эркек бала, 3 кыз чонойдук. биздин уй бүлөдө сөгүнгөн эркек болбоду. Майрам күндөрү көчөдө арак ичип, сөгүнүп жургон кишилерди жана балдарды коп корчу болдум. Бара бара окуучулардан байкай баштадым. Ошол сөгүнгөн, мушташкан аталардын балдарына көз салчу болдум. Көрсө ошол аталардын балдары да ошондой болуп чоноет экен. Мектепте, тарбиялык саат өтулөбу. же, кочодо сөгүнгөн жаш балдар болобу, токтотуп алып жаман адат экендигин тушундурууго аракет кылып келем. Ошентип, иш тажрыйбамда байкадым, ата эненин журум туруму сөзсүз балага таасир этет экенин. «Тарбия уй бүлөдөн башталат» деген соз бекеринен айтылбаган экен. Сөз маданиятын биринчиден уй бүлөдөн уйрөнөт десем жанылышпаймын. Менин чон атам 98 жашында ааламдан өткөн. Дагы эле эсимден кетпейт дасторкондо чай ичип отурганда баарыбызга көп насаат сөздөрүн айтчу. ”Жаман сөзгө да, жакшы сөзгөда периштелер оомин кылат. Ошондуктан эч качан жаман сөздөрду сүйлөбөгөнгө аракет кылгыла балдарым дей берчу. ”. Атанын сөзү-акылдын көзү”-кандай гана таасирдуу сөздөр. Акылман аталар сөз менен макал -лакап менен балдарды тарбиялап келген экен. Ал эми көчөдө сөгүнүп жургөн аталар кандай тарбия берет деп ойлоп кетем.

Башталгыч класстагы балдар сөгүнүү сөздөрүнүн маанисин анчалык тушунушпойт. Эгерде бул сөздөрдү уй бүлөдө көбүрөөк уккан болсо, көнүмүш сөз катары кабыл алып колдонушат. Бирок бардык окуучуларда эмес. Балдардын сөгүнүүсүнө эмнелер себеп болушу мумкун: 1. Курчап турган чөйрө же кайталоо. 2. Тентуштарынын таасири. 3. Эмоциясыны билдируу. 4. Чондордун аракетин байкоо. Кантип алдын алса болот : 1. Эмоцияны билдируунун башка жолдорун уйротуу керек. 2. Жакшы сөздөрдү кантип колдонуу керектигин. 3. Сөгүнүү -жагымсыз экендигин тушундуруу. 4. Тентуштарын байкоо. Эгерде дагы уланта берсе, себептерин изилдөө

керек. Ал эми ата энелердин арасында сөгүнүү сөздөрү, чөйрөгө, тарбияга, билим денгээлине,, жашоо шартына же стресстин денгээлине жараша колдонушат.

Ошондой эле чондордун балдарга тийгизген таасири өтө чон. Эгер бала ата энесинен сөгүнүүгө үйрөнсө, мындай сөздөрдү бала кадимки корунуш катары кабыл алышат. Ошондуктан, уйдо жакшы маданиятты карманууалардын сөз байлыгына жана адеп- ахлагына он таасирин тийгизет. Ал эми мугалимдер арасында да болушу мумкун экендигин иш жузундо байкадым. Чоноюп калган окуучулар кээде мугалимдерге терс адаттарын көрсөтүшөт. Эмне учун? Тапшырма аткарбай келишкенде мугалим урушуп койсо жаман сөздөрдү сүйлөп коюшкандыгын айтып даттанып калышат. Ал эми окуучулар болсо мени гана сурай берет эжеке деп даттанышат. Бирок азыркы окуучуларга катуу суйлөгондөн да коркушат. Ошондуктан да мугалимдер стрессте болушат. Кээ бир мугалимдер, айрыкча эркек мугалимдер урушкан сөздөрду колдонушат. Окуучулар менен иштөөдө, чыдамдын тугонушунон, ашыкча жуктон, же мугалимдин эмоциясын башкара албай калгандыгынан колдонушу мумкун. Бул окуучуларга кандай таасир этет. 1. Мугалимден көргөн адатты мектептен тышкары колдонушу мумкун. 2. Мугалимге болгон сый урматты жоготушу мумкун. 3. Мектеп чөйрөсүнө таасир этиши мумкун. Мугалим өзүн көзөмөлдөй билуу керек. Кантип? 1. Стрессти башкара билуу керек. 2. Улгу болуу менен. 3. Сабак учурунда эмоцияны башкаруу 4. Мектептеги эрежелерди сактоо керек деп ойлойм. Эгерде мугалимдер ата- энелер же окуучулар арасында сөгүнүү сөздөрү кенири таралган болсо, мектепте маселе катары каралыш керек деп ойлойм. Азыркы коомдо же мен жашаган айылда бул сөздөр азыраак колдонулуп калды же азайды. 5-10 жыл мурда биздин айылда окуучулар менен биргеликте «Арак –арты өкүнүч» деген темада райондук денгээлде журуш болгон. Себеби арактын артынан көп уй бүлөлөр бузулуп, изилдөөнүн жыйынтыгынды 80 ге жакын эркектер өлүмгө дуушар болуп, канча балдар атасыз калган. Жыйынтыгында арак саткан магазиндерге айып пул төлөнүп, тыюу салынган. Азыркы мезгилде арак ичип сөгүнүп көчөдө жүргөн адамдар жокко эсе. Албетте менен арак ичпей сөгүнүү же жаман сөз сүйлөгөндөр жоголуп кетти дебеймин кантсе да азайды. Муну менен эмне демекчимин кээ бир уй бүлөдө көнүмүш адат катары калыптанып калган. Уй бүлөдөгү адатты жоюу учун мектеп дагы жардамга келуу керек. Кантип. Ата энелер чогулушун ай сайын өткөрүп туруу керек. Биздин мектепте ай сайын өткөрүлүп турат, бирок ар турдуу темада. Мен бул темадан кийин ойлонуп калдым эмки чогулуштарды уй булодогу кээ бир терс адаттарды жоюу максатын да кою керек экендигин. Мугалимдердин бул адаттар үстүндө сөзсүз күрөшүү керектигин, жана айрыкча башталгыч класстарда сөгүнүү сөздөрүнүн маанисин анча түшүнбөгөндүгүн, бирок чондордун реакциясын көрүп, аларды колдонушу мумкундугун ырастап, бул адатты эртерээк ондоо керек экендигин билишибиз керек. Тарбиялык иш чаралар аркылуу он натыйжага жетишүүгө болот. Бул учун бир нече маанилүү кадамдарды аткаруу керек. М;1. Үлгү көрсөтүү. (Балдар чондордон көргөн нерсени кайталаганга жакын болушат. Чондор маданияттуу сүйлөсө, балдар ошого көнөт.) 2. Тушундуруу иштери. (Сөгүнүү сөздөрүнүн терс жактарын түшүндүрүү керек.) 3. Тартип эрежелерин тузуу. (Уйдө жана мектепте сөгунүүгө каршы эрежелердин болуусу.) 4. Он мотивация берүү. (Маданияттуу суйлогон балдарды сыйлоо же мактоо) 5. Баланын

чөйрөсүн көзөмөлдөө. (Достору, соцтармактар, мультфильм, видеолор). Эгерде бул чаралар ырааттуу колдонулса, балдар бара- бара маданияттуу сүйлөөгө көнугуп, сөгунүү адаттарынан арылат.

Тарбия –узак убакытты талап кылган процесс, бирок туруктуулук менен жакшы натыйжага жетуугө сөзсуз болот деген ишенимдемин. Демек, сөгүнүү адатын жоготуу үчүн, үй булөдө мектепте жана коомдо туура тарбиялык чараларды колдонуу маанилүү. Туура улгу көрсөтүү, тушүндүрүү иштери, тартип эрежелерин бекемдөө он мотивация беруу, жана баланын чөйрөсүн көзөмөлдөө аркылуу бул көйгөйдү чечүүгө болот. Эгер ырааттуу жана сабырдуу тарбия берилсе, балдар сөгунүүнүн ордуна маданияттуу суйлөөгө көнүп, бул адатты таштап коюшат. Ошондуктан, ата энелер менен мугалимдердин биргелешип иш алып баруусу, бул маселени он натыйжа менен чечуугө өбөлгө түзөт. Эгерде окуучунун ата-энеси сен жөнүндө өтө жаман сөз сүйлөсө дагы сен анын баласына өтө жакшы мамиле кылганын- бул чыныгы мугалимдик сапат.